**2017-2022-окуу жылдарында мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо боюнча аткарылган иштердин анализи**

Ата-энелер коомдук бирикмеси, Камкорчулар кеңеши жана педагогикалык кеңештин биргелешүүсү менен перспективдүү жылдык пландар түзүлүп, мектептин материалдык базасын чыңдоо боюнча өнүктүрүү планында каралган иштердин аткарылуусуна шарттар түзүлгөн. Кызыктар тараптар менен бирге жыл ичинде керектелүүчү каражаттардын болжолдуу сметасы түзүлүп, каржылоо “Алгыр-Куш”ата-энелер коомдукук бирикмесине жана Камкорчулар кеңешине жүктөлүп келген. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарыла туган иштер атайын сметанын наркы менен чыгарылат. Педагогдордун суроо талаптары Камкорчулар кеңешинин, ата-энелер коомдук бирикмесинин талкуусуну коюлуп, чыгымдар сметасына жазылып каралат. Кызыктар тараптардын мектептин материалдык базасын чыңдоого кошкон салымдары мектептин фоейсиндеги коомчулук үчүн маалымат тактасында илинип, мектептин сайтында жарыяланат. Мектептин материалдык техникалык базасынын перспективдүү планынын аткарылышына талдоо жүргүзүлүп, акыркы 5 жыл ичинде пландын 85 % аткарылгандыгын байкоого болот.

- 2018-2019-окуу жылдары 2 даана интерактивдүү доска
- 2019-окуу жылы 1даана ксерекөчүрмө аппараты, принтер
- 2022-жыл 1 даана түстүү принтер

Жергиликтүү бюджеттин эсебинин акыркы 5 жыл ичиндеги аткарылган иштер:

- 2017-2018-окуу жылы окуу кабинеттеринин 621м $^2$ линолиуму алмаштырылды
- 2018-2019-окуу жылы спорт залдын кийинип чечинүүчү бөлмөлөрүнүн чатыры жаңыланды
- 2019-2020-жыл электр жабдыктары, ремонт иштерине тийиштүү курулуш материалдары жана 5 даана сырткы брон эшиктери алмаштырылды
- 2020-2021-окуу жылы суу түшүүчү түтүктөр жасалып, 6даана окуу кабинеттеринин эшиктери жыгач эшиктерге, 3 даана сырткы эшиктер брон эшиктерге алмаштырылды. Курлуш материалдары камсыздалды.
- 2022-2023- 4 даана окуу кабинеттеринин эшиктери жыгач эшиктерге алмаштырылды. Курлуш материалдары камсыздалды.

Мектепте аткырлаган иштердин жыйынтыгы чыгарылып, аткарылган иштерге талдоо жүргүзүү менен жалпы коомчулукка жеткиликтүү болгондой формада

жарыяланып, маалыматтар жаңыланып турат. Маалыматтык-техникалык базаны чыңдоого коротулган каражаттардын эсеби даана жана так көрсөтүлөт.
Акыркы 5 жылдыкта мектептин материалдык техниканын базасын чыңдоо боюнча көп аракеттер жүрдү. Азыркы учурда мектептеги техникалык каражаттардын саны:

| Компьютер | Интерактивдүү доска | Интерактивдүү система | Интерактивдүү панель | Телевизор | Ноутбук | Принтер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 27 | 7 | 5 | 2 | 20 | 8 | 5 |

Мындан тышкары музыкалык аппаратура, камера, 7 проектор, 20 ДВД бар. Ошондой эле MaxLink байланыш оператору тарабынан интернет түйүнү 15 окуу кабинетине кошулган.
Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө мыкты жабдылган окуу кабинети маанилүү ролду ойнойт. Мектептеги 35 окуу кабинетипрофилине жараша тиешелүү окуу методикалык, дидактикалык жана таркатма материалдар менен камсыздалып, паспорттоштурулган жана иш пландар түзүлгөн. Коопсуздук техникаларынын эрежеси, санитардык-гигиеналык нормалар сакталат.

Чарба иштери боюнча директордун олрун басары Бегалиева К.Ж